"Бекитемин"

ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору

Артыкова Ж.А

"__" ______ 2021-ж.

# Куратордук сааттарды тематикалык пландаштыруу

Бул документ 2021-2022-окуу жылы ичинде ОшМУнун бардык академиялык тайпаларында өткөрүлүүчү куратордук сааттардын мазмунун аныктап турат. Ар бир ай үчүн үч тема сунушталган. Ай ичиндеги калган куратордук сааттардын темасын, максаттарын, милдеттерин жана иштөө формасын аныктоо куратордун тандоосуна берилет. Куратордук сааттардын өтүлгөндүгү жөнүндө маалымат тайпалык журналга жана электрондук журналга өтүлгөн темаларды жазуу, студенттердин катышуусун белгилөө менен фиксирленет.

| № | Өтүлүү мөөнөтү | Куратордук сааттар үчүн сунушталуучу темалар | Максаты жана милдеттери | Иштин формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Сентябрь ичи | Студенттин жүрүм-турум кодекси | - ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан "Студенттин жүрүм-турум кодекси" менен таанышуу<br>- Студенттин укуктары жана милдеттери менен таанышуу;<br>- Кодексте каралган эреже бузуулар, аларды болтурбоо, алдын алуу маселелери боюнча пикир алмашуу, талкуулоо;<br>- Модулдук –рейтингдик система, учурдук, чектик, жыйынтыктоочу текшерүү жөнүндө маалымат алуу. | Ангемелешүү |
| | | Өсө бер, Кыргызстан! | - Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына карата мамлекеттеги жетишкендиктер, ийгиликтер жана колдон чыккан мүмкүнчүлүктөр жөнүндө талкуу; | дебат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | - “Өлкөмдүн өнүгүүсүнө мен кантип салым кошо аламын?” деген суроого биргеликте жооп издөө. | |
| 2. | Октябрь ичи | Жугуштуу ооруларды алдын алуу, коргонуу, жайылышына жол бербөө жолдору, өздүк гигиена | - Жугуштуу оорулардын түрлөрү, жугуу жолдору, коргонуу, жайылышына жол бербөө жөнүндө адис менен маектешүү;<br>- Өздүк гигиена боюнча маалымат алуу;<br>- Ковид-19 вирусуна байланышкан санитардык-эпидемиологиялык талаптар, аларды аткаруу боюнча маалымат алуу. | Адистин лекциясы |
| | | Убакытты кантип рационалдуу пайдалануу керек? | - Убакыт акчадан да кымбат экендигин аңдап түшүнүүгө жетишүү;<br>- Сабактан сырткары убакытта өзүн өзү өнүктүрүүнүн жолдору жөнүндө маалымат алуу;<br>- Р.Абдыкадыров атындагы Таланттар академиясындагы студенттик ийримдер жөнүндө маалымат алуу;<br>- Студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлүп жаткан студенттик долбоорлор менен таанышуу. | аңгемелешүү |
| | | Кылмыштуулукка – жол жок | - Студенттер арасында кылмыштуулукту алдын алуу, болтурбоо боюнча профилактикалык иштер жөнүндө маалымат алуу;<br>- Жаштар арасында күтүлүүчү кылмыштуулуктун себептери жана кесепеттери жөнүндө талкуу. | Тегерек стол |
| | | Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема | Куратор аныктайт | Куратор тандайт |
| 3. | Ноябрь ичи | Маданий мурастарды сактоодо, муундан муунга өткөрүүдө жаштардын ролу | - Маданий мурастар, маданий баалуулуктар жөнүндө маалымат алуу;<br>- Маданий мурастарды сактоодо, муундан муунга өткөрүүдө жаштардын ролун аңдап түшүнүү;<br>- бүгүнкү ааламдашуу доорундагы бул багыттагы коркунучтар жана кесепеттер жөнүндө талкуу. | Тегерек стол |
| | | Саламдашуу адеби | - Саламдашуунун маанисин билүү;<br>- Саламдашуунун түрлөрү, саламдашуу адеби менен таанышуу. | аңгемелешүү |
| | | Р.Абдыкадыров кылымда жаралчу бир талант | - Р.Абдыкадыровдун 80 жылдыгына карата анын өмүр баяны, басып өткөн жолу, чыгармачылыгы жөнүндө маалымат алуу;<br>- Р.Абдыкадыровдун чыгармалары аркылуу кыргыз искусствосуна салынган чыйыр тууралуу маектешүү. | аңгемелешүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема | Куратор аныктайт | Куратор тандайт |
| 4. | Декабрь ичи | Социалдык тармактарды колдонуунун оң жана терс эффекттери | - Социалдык тармактарды колдонуунун оң жана терс жактарын иликтөө;<br>- Социалдык тармактарды туура колдонууга сунуштарды алуу. | дебат |
| | | Экстремизм, терроризм, радикализм коркунучтары | - Жаштар арасында радикалдашууну (диний, идеялык, тыю салынган уюмдар) алдын алуу;<br>- Экстремизм, терроризм, тыю салынган диний агымдар жөнүндө маалымат алуу;<br>- Жаштардын радикалдашуусун алдын алуу, болтурбоо жана жайылышына бөгөт коюу аракеттериндеги ар бир жарандын жоопкерчилигин аңдап түшүнүүгө жетишүү. | Адис менен жолугушуу |
| | | Жаңы жылга жаңы максаттар жана милдеттер | - Өтүп бара жаткан жылга баа берүү;<br>- "Өтүп бара жаткан жыл мен үчүн эмнеси менен жемиштүү болду?" деген суроого жооп берүү;<br>- "Өтүп бара жаткан жылы ниет кылган кайсыл иштерди аткарууга жетишпей калдым?" деген суроонун негизинде келе жаткан жаңы жылга максат, милдеттерди жазуу. | аңгемелешүү |
| | | Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема | Куратор аныктайт | Куратор тандайт |
| 5. | Январь ичи | Академиялык тазалык | - Академиялык тазалык принциптерин билүү, тайпадагы студенттер арасында бул принциптердин сакталышына баа берүү;<br>- Академиялык тазалык принциптеринин бузулушу менен байланышкан кесепеттердин болуусун аңдап түшүнүү;<br>- Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу. | дебат |
| | | Кышкы сессияга даярдануу жана ийгиликтүү тапшыруу | - 1, 2-модулдун жыйынтыктарын талкуулоо;<br>- Семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттердин сабактарга катышуусу жана жетишүүсүнө анализ;<br>- Сынактарды ийгиликтүү тапшырууга даярдануу маселесин талкуулоо. | аңгемелешүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Февраль ичи | Менин болочок кесибиме койгон замандын негизги талаптары | - Заманбап адис болуу үчүн талап кылынуучу көндүмдөрдү, билимдерди билүү;<br>- Эмгек рыногунун суроо-талаптарына анализ жүргүзүү;<br>- Кесипкөй болууга даярдануу үчүн милдеттерди алуу. | дебат |
| | | Бүгүнкү мекенчил жаштардын модели | - “Бүгүнкү заманбап контексте мекенди, элди, жерди сактоо дегенди кандай түшүнсө болот?” деген суроого жооп издөө;<br>- “Мекенчил адамдын бүгүнкү образы кандай?” деген суроого жооп издөө. | ангемелешүү |
| | | Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема | Куратор аныктайт | Куратор тандайт |
| 7. | Март ичи | Биз жаштар сергек жашоо үчүн | - Жаштар арасында спортту даңазалоо;<br>- Кыргыз элинин мыкты спортчулары жөнүндө маалымат алмашуу;<br>- Сергек жашоо образын даңазалоо. | Мотивациялык видеолорду көрүү жана маектешүү |
| | | Университет–жашыл бакча | “Университет–жашыл бакча” аталышында акцияга катышуу;<br>- Билим алып жаткан имаратты жана короосун жашылдандыруу боюнча тайпа иштеп чыккан идеяны ишке ашыруу. | экскурсия |
| | | Акындын төрт сап ырында... | - Куратор жана студенттер биргеликте тандаган кайсыл бир акындын чыгармаларына саякат жасоо;<br>- Ырларды көркөм окуу. | Адабий кече |
| | | Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема | Куратор аныктайт | Куратор тандайт |
| 8. | Апрель ичи | Китеп окуйбуз | - Тайпада бир айлык акция уюштуруу;<br>- Куратор жана студенттер биргеликте тандаган адабий чыгармаларга талкуу жургүзүү;<br>- Китеп окууга жаштарды үндөгөн видеоролик, постерлерди жасоо, социалдык тармактар аркылуу таратуу. | Бир айлык акция |
| 9 | Май ичи | Улуттук иденттүүлүк – туруктуу мамлекет | - Кыргыз элинин улуттук иденттүүлүктөрү жана аларды башка улуттар менен салыштыруу;<br>- Ааламдашуу заманында улуттук иденттүүлүктү сактоо мамлекет үчүн келечек экендигин андап түшүнүүгө жетишүү. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Студент илимий иштерин кантип жүргүзө алат | - Студенттик илимий иштер жана алардын түрлөрүн билүү;<br>- Студенттик илимий иштерге коюлган -талаптарды билүү;<br>- "Студент илимий изилдөөгө кантип катышса болот?" деген суроого жооп издөө. | |
| | | Жайкы сессияга даярдануу жана ийгиликтүү тапшыруу | - 1, 2-модулдун жыйынтыктарын талкуулоо;<br>- Семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттердин сабактарга катышуусу жана жетишүүсүнө анализ;<br>- Сынактарды ийгиликтүү тапшырууга даярдануу маселесин талкуулоо. | ангемелешүү |

Түзгөн: ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери менен иштөө боюнча тарбиячысы Сулайманова А.

10.09.2021